# Ай билим

Сөзү: Миргүл Наралиева

Обону: Мурзали Жээнбаев

Сергек болгун азыртан,
Санап, тамга таанысын!
Ай билимге дос болсоң,
Өсөт дүйнө таанымың.

Кайырма:
Ай билим ай, ай билим,
Көп окуп, көп билгиниң.
Ата-энеңер кубансын,
Көккө жетип билимиң.

Көлөм, өлчөм, ченемди,
Жер-жүзүн, тоо кырларын.
Үйрөнөбүз, билебиз,
Галактика сырларын.

Кайырма:
Ай билим ай, ай билим,
Көп окуп, көп билгиниң.
Ата-энеңер кубансын,
Көккө жетип билимиң.

Чет тилдерин ардактап,
Кыргыз тилин сүйөбүз.
Ар өнөргө шыктанган,

Музыка жан-дүйнөбүз.

Кайырма:

Ай билим ай, ай билим,

Көп окуп, көп билгиниң.

Ата-энеңер кубансын,

Көккө жетип билимиң.